
№96 жалпы орто билим берүү мектебинин 2019-2020 -окуу жылындагы окуу тарбия иштериндеги

проблемалык -багыттоочу анализи

<table>
<tr><td>Талдоонун негизги багыттары</td><td rowspan="2">Билим жана тарбия берүүдө коюлган тапшырмаларды аткарылышынын ишке ашышы :
<table>
<tr><td rowspan="2">Окуу жылынын башында</td><td rowspan="2">Окуу жылынын аягында</td><td colspan="2">1-4 класс</td><td colspan="2">5-9 класс</td><td colspan="2">10-11 класс</td><td>Жыл ичинде келгени жана кеткени</td></tr>
<tr><td>Кл. саны</td><td>Окуучулар дын саны</td><td>Кл. саны</td><td>Окуучулар дын саны</td><td>Кл. саны</td><td>Окуучулар дын саны</td><td>254</td></tr>
<tr><td>2892</td><td>2991</td><td>43</td><td>1720</td><td>28</td><td>155</td><td>4</td><td>134</td><td>155</td></tr>
</table>
</td></tr>
<tr><td>1.Окуучулардын Контингенти класс -комплектер</td></tr>
<tr><td>Чечилбеген маселелери жана алардын аткарылышы тоскоол болгон себептер</td><td>№96 жалпы орто билим берүү мектеби 2018-жылдын 1 -сентябрь айында ачылган . Мектептин сыйымдулуугу 960 орунга ылайыкталган.2019-2020-окуу жылында 2991 окуучу менен окуу жылын аяктадык. Окуучунун саны 200% көп . Ар бир класста орто эсеп менен 40-45 окуучу окушат.Себеби мектеп Ак -Ордо конушунда жайгашкан, конуш чоң жана бул конушта 1эле мектеп,мектеп курактагы  балдардын саны көп. Ар бир класста 40-45 окуучу болгонуна караштуу мугалимдерге сабак бергенде кыйынчылык жаратат.Андан тышкары Ак -Ордо конушунда ички миграция көп. Анткени конушта квартиранттар көп жашашат.Билим сапаты келген кеткен окуучулардын санына жараша өзгөрүлүп турат. Жыл ичинде келген кеткен окуучулардын саны көп.</td></tr>
<tr><td>Башкаруу чечимдери</td><td>Окуучулардын саны көп болсо да, ар бир окуучу менен жекече иш алып баруудабыз. Окуучулардын саны бир аз азайтуу максатында 9-класстарда профориентациялык иштерди алып баруудабыз.<br>Колледж ,проф.тех.лицейлер менен  келишимдер  түзүлүп,  9-класстардын билим сапаты орто окуучулар проф.техлицейлерге тапшырууда.</td></tr>
</table>

| Талдоонун негизги багыттары | Мектеп боюнча билим сапаты: |
|---|---|
| 2.Окуу тарбия процессинин жыйынтыгы |  |

***Бишкек шаары Ленин району №96 орто мектеби 2019-2020-окуу жылы***

## ***1-чейрекке карата билим сапатынын отчету***

| Класс | **жалпы саны** | аттестациядан откон окуучулар.саны | аттестациядан отпогон окуучулар | | | | | "5" | "4" | "3" | "2" | % билим сапаты | % жетишүүсү | **жалпы саны** | ***бала*** | ***кыз*** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | баардыгы | 1-класс | оорусуна байлан. | 10, 11- класс | башка себептер | | | | | | | | | |
| 1-4-класс | 1489 | 564 | 925 | 924 | 1 | 0 | 0 | 41 | 129 | 393 | 0 | 30 | 100 | 1489 | 787 | 702 |
| 5-9-класс | 936 | 936 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 64 | 191 | 677 | 4 | 27 | 99 | 936 | 503 | 433 |
| 10-11-класс | 124 | 0 | 124 | 0 | 0 | 124 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 124 | 50 | 74 |
| **1-11-класс** | **2549** | **1500** | **1049** | **924** | **1** | **124** | **0** | **105** | **320** | **1070** | **4** | **28** | **99** | **2549** | **1340** | **1209** |

***Бишкек шаары Ленин району №96 орто мектеби 2019-2020-окуу жылы***

***<u>жылдык</u> карата билим сапатынын отчету***

| Класс | **жалпы саны** | аттестациядан өткөн окуучулар.саны | **аттестациядан отпогон окуучулар** | | | | | "5" | "4" | "3" | "2" | % билим сапаты | % жетишүүсү | **жалпы саны** | ***бала*** | ***кыз*** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | баардыгы | 1-класс | оорусуна байлан. | 10, 11- класс | башка себептер | | | | | | | | | |
| 1-4-класс | **1720** | **1259** | 461 | 461 | | | | 112 | 342 | 805 | 0 | 36 | 99 | **1720** | **902** | **818** |
| 5-9-класс | **1137** | **1136** | 1 | | | | 1 | 90 | 263 | 782 | 1 | 31 | 99 | **1137** | **607** | **530** |
| 10-11-класс | **134** | **134** | | | | | | 9 | 29 | 96 | | 28 | 100 | **134** | **46** | **88** |
| 1-11-класс | **2991** | **2529** | **462** | **461** | | | **1** | **211** | **634** | **1683** | **1** | **33** | **100** | **2991** | **1555** | **1436** |

**№96 жалпы орто билим берүү мектебинин 2019-2020 – окуу жылындагы 11-классынын бүтүрүүчүлөрүнүн Жалпы Республикалык тестирлөөсүнүн жыйынтыгы**

| № | Ф.И.О | негизги | тарых | Матема-тика | Англис тили | биология | химия | физика | Кыргыз тили | Орус тили |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | **Тагайбек кызы Элизат** | **162** | | 72 | | | | | | |
| 2. | **Белекова Айназик** | **159** | 61 | 61 | | 61 | | | 61 | |
| 3. | **Осмонбек кызы Айгул** | **149** | 79 | | 78 | | | | | |
| 4. | **Узенова Зейнеп** | **147** | 46 | | 71 | | | | | |
| 5. | **Жусупова Мырзайым** | **142** | | | | 57 | 46 | | | 65 |
| 6. | **Арстанова Жылдыз** | **141** | 68 | | 71 | | | | | |
| 7. | **Сейдалиев Ислам** | **138** | | 35 | | 81 | | 50 | | |
| 8. | **Мирбек кызы Динара** | **137** | 57 | | 63 | | | | | |
| 9. | **Алымкулова Гузель** | **131** | | | | | | | | |
| 10. | **Болот кызы Айгерим** | **130** | 72 | | 61 | | | | | |
| 11. | **Шукурбекова Элиза** | **129** | 79 | | | | | | | |
| 12. | **Каныметов Темирлан** | **129** | 46 | 35 | | | | | | |
| 13. | **Торобек к Бегайым** | **128** | 68 | | | | | | | |
| 14. | **Руслан кызы Айтунук** | **126** | | | | 61 | 61 | | | |
| 15. | **Кыргызбаева Сейдене** | **126** | | | | 79 | 39 | | | |
| 16. | **Абдымомунова Жаркынай** | **123** | 57 | | | | | | | 50 |
| 17. | **Адылбек кызы Айзирек** | **120** | 76 | | 61 | | | | | |
| 18. | **Чыныбеков Өткүрбек** | **120** | 53 | | | | | | 61 | |
| 19. | **Жаныш кызы Сезим** | **119** | | | 63 | | | | | |
| 20. | **Исманов Атай** | **117** | | | | | | | | |
| 21. | **Бөрүбаева Бибигүл** | **117** | 53 | | | 53 | 39 | | | |
| 22. | **Куватбеков Арзубек** | **115** | 53 | 46 | | | | | | |
| 23. | **Абдыракманова Жамиля** | **114** | 57 | | | | | | | 42 |
| 24. | **Рустам кызы Гулина** | **113** | 57 | 37 | | | | | | |
| 25. | **Нурбек кызы Элизат** | **110** | | | | 57 | 27 | | | |
| 26. | **Касмакунова Касиет** | **110** | 46 | | 68 | | | | | |
| 27. | **Калдыбекова Нуркыз** | **109** | 53 | | | 46 | 46 | | | |
| 28. | **Бекматов Эрбол** | **109** | 65 | 42 | 76 | 76 | | | 57 | |
| 29. | **Ысакунова Бермет** | **106** | | | | | | | | |
| 30. | **Таалай кызы Акылай** | **105** | 50 | | | | | | | |
| 31. | **Жаныбай кызы Нуржан** | **103** | | | | 53 | 39 | | | |

| | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 32. | **Талантбек кызы Нурсулуу** | **102** | | | | 87 | 46 | | | |
| 33. | **Мусабекова Айжан** | **101** | 94 | | 93 | | | | | |
| 34. | **Канатбек кызы Канышай** | **100** | 53 | 37 | | | | | | |
| 35. | **Сейдеакматова Сезим** | **100** | 57 | | | 37 | 42 | | | |
| 36. | **Кенешбекова Айзат** | **98** | 65 | | 68 | | | | | |
| 37. | **Бакманова Айсалкын** | **98** | 46 | | | | | | | |
| 38. | **Азамат кызы Акылай** | **97** | 50 | 37 | | | | | | |
| 39. | **Омуров Бакберди** | **95** | | | | 61 | | | | 39 |
| 40. | **Асылбеков Арген** | **94** | 76 | | | | | | | |
| 41. | **Самат уулу Арлен** | **94** | 57 | 46 | | | | | | |
| 42. | **Доолотбек к Аида** | **92** | 50 | | | | | | | 35 |
| 43. | **Сагынов Азамат** | **91** | | | 54 | | | 37 | | |
| 44. | **Кенжебек уулу Жеңишбек** | **91** | | | | | | 27 | | |
| 45. | **Советов Бексултан** | **90** | 53 | | | | | | | |
| 46. | **Азизбек у Нурсултан** | **89** | 37 | | | 37 | | | | |
| 47. | **Рысалиев Эрбол** | **85** | 61 | | | | | | 57 | |
| 48. | **Чыныбеков Өмүрбек** | **84** | 53 | 46 | | | | | | |
| 49. | **Батыркул уулу Тургунбек** | **80** | 57 | | | | | | | |
| 50. | **Тыныбек кызы Нургиза** | **81** | | | | 50 | | | 72 | |
| 51. | **Рыспаев Максат** | **79** | 61 | 46 | | | | | | |
| 52. | **Бекболиева Айгерим** | **76** | | | | | | | | |
| 53. | **Сүйүнбаева Сабрина** | **72** | | | | 53 | 50 | | | |

| | |
|---|---|
| **Чечилбеген маселелери жана алардын аткарылышы тоскоол болгон себептер** | Окуучулардын санынын көптүгүнөн билим сапат төмөндөөдө. Анткени ар бир класста 40-45 окуучудан болгондуугуна байланыштуу , мугалимдерге көп окуучуга сабак түйшүк жаратууда . |
| **Башкаруу чечимдери** | Окуучулардын билим сапатын көтөрүү максатында мектеп ичинде предметтик кружокторду көбөйтүү. Кабинеттерди окутуунун азыркы талаптарына жоop берген заманбап техникалык каражаттары жана окуу китептери менен камсыз кылуу . Мектептин ички көзөмөлүн күчтөндүрүү менен бирге ата -энелер менен иш алып баруу керек . Окууда жетишпеген жана жакшы окуган баалдар менен жекече иш алып баруу. |

| Талдоонун негизги багыттары | Педагогикалык жана окутуучу –көмөкчү курамы |
|---|---|
| 3.Пед.кадрлар (сандык жана сапаттык курамы ) | Жумушка кабыл алуу боюнча мугалимдердин педагогикалык жөндөмү, кесиптик шайкештигин эске алуу менен жүргүзүлөт. КРнын эмгек кодексинин 2004- жылдын 4-августундагы №107 мыйзамы менен күчүнө киргизилген эмгек беренесинин негизинде кабыл алынат. Жумушка кабыл алууда эмгек келишиминин негизинде жамааттык келишим түзөбүз.<br>Жумушка кирүү үчүн төмөнкү документтер талап кылынат: |

| № | Документтин аталышы | Даана |
|---|---|---|
| 1. | Резюме | 1 |
| 2. | Жумушка кабыл алуу боюнча буйрук | 1 |
| 3. | Өздүк баракча | 1 |
| 4. | Өмүр баян | 1 |
| 5. | Диплом (нотариустан бекитилген ) | 2 |
| 6. | Паспорт | 4 |
| 7. | ИИМден справка | 1 |
| 8. | Псих.диспансерден маалымдама | 1 |
| 9. | Республикалык Наркология борборунан маалымдама | 1 |
| 10. | Жашаган жеринен маалымдама | 1 |
| 11. | Сүрөт | 2 |
| 12. | Грамоталардын көчүрмөлөрү | |
| 13. | Сертификаттардын көчүрмөлөрү | |
| 14. | Эмгек китепчеси | 1 |
| 15. | Мед.китепче | 1 |

| 96 | Мугалимдердин сапаттык курамы | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Муг.жалпы саны | Пенсия курагындагы Муг.саны | Пенсия жашындагы директорлордун саны | Жаш адистердин саны | Гендер боюнча | |
| | | | | | аял | эркек |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 109 | 8 | --=- | 13 | 102 | 7 |

Мектепте 109 мугалим окуучуларга билим –тарбия берүүдө.

| № мектеп | Жалп муг. саны | Билими тууралуу | | | | | | Алардын ичинен | | | | | | Алардын ичинен жашы боюнча | | | | | | | | Улуту | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Жогорку | Бүтө элек жогорку | Орто кесип | Жалпы орто кесип | бакалавр | магистратура | Эркектер | Аялдар | КР на эмгек сиңирген мугалимдер | Эл Агартуунун мыктылары | КРнын билим жана илим министрлигинин | медаль ДАНК | 35 жашка чейин | 36 жаштан 40 жашка чейин | 41 жаштан 50 жашка чейин | 51 жаштан 57 жашка чейин | 58 жаштан 60 жашка чейин | 61 жаштан өйдө | Пенсионерлердин саны | (жаш мугалимдер) | Кыргыз | Орус ж.б | |
| 96 | 109 | 102 | 2 | 5 | -- | 5 | 6 | 7 | 102 | --- | 10 | 7 | - | 39 | 22 | 25 | 12 | 2 | 1 | 8 | 13 | 109 | ------ | |

Педагогикалык тажрыйбасы 5 жылдан төмөн мугалимдердин саны ----- 45 мугалим (5 жылдан төмөн)

Педагогикалык тажрыйбасы 5-10 жылдык мугалимдердин саны ---- 20 мугалим (5-10ж стаж)

Педагогикалык тажрыйбасы 11-15 жылдык мугалимдердин саны ----- 15 мугалим (11-15 стаж)

Педагогикалык тажрыйбасы 15 жылдан ашуун мугалимдердин саны 13 мугалим (15 -25жылдан өйдө)

| | |
|---|---|
| | Педагогикалык тажрыйбасы 25 жылдан ашуун мугалимдердин саны 16 мугалим<br>**Администрация--- директор-1, окуу бөлум башчылары- 5 , 1 психолог, 1 соцпедагог, 1 китепканачы** |
| **Чечилбеген маселелери жана алардын** | Педагогикалык кадрлар жетиштүү, ваканция жок. Ар бир мугалим өз адистиги менен иштеп жатышат. |
| **Башкаруу чечимдери** | |
| **Талдоонун негизги багыттары**<br>**4.Башкаруудагы ишмердүүлүк** | **Мугалимдердин милдеттери:**<br>1.Алдыңкы педагогикалык тажрыйбаларды үйрөнүү, жалпылоо жана жайылтуу;<br>2. Предмет боюнча жумалыктарды (декада) уюштуруу жана өткөрүү;<br>3. Жаш мугалимдерге жардам көрсөтүү;<br>4. Кесиптик чеберчиликти жогорулатуунун үстүндө иштөө;<br>5.Усулдук бирикменин отурумдарына, практикалык семи-нарларга, алдыңкы иш-тажрыйбасы бар мектептердин илимий-усулдук семинарларына катышуу;<br>6. Жаны технологияларды колдонуу менен бардык сабактардан окуучулардын билим сапатын жогорулатуу.<br>**Мугалимдердин багыттары:**<br>1.Окуу процессин жаңы заманбап технологиялардын жардамы менен жүргүзүү, мультимедиялык программаларды колдонуу, дистанттык окутууну пайдалануу;<br>2. Электрондук окуу китептерин, компьютердик тесттерди түзүүчү информациялык системаны мугалимдерге окутуп үйрөтүү боюнча жумуштарын уюштуруу;<br>3. Педагогикалык коллективди «электрондук мектеп» информациялык системасы менен иштөөнү үйрөтүү жумуштарын уюштуруу;<br>**Иштин формалары:**<br>1.Кесиптик көндүмдөрүн жогорулатууга багытталган усулдук иштин түрлөрү:<br>➢ Теориялык жана практикалык тажрыйбага багытталган семинарлар<br>➢ Мастер-класстар<br>➢ Ачык сабактар<br>➢ Доклад, макалаларды жарыялоо<br>➢ Интернетти колдонуу ( кат-кабар алышууга, мелдештерге, семинарларга, окутуу ж.б.курс жөнүндө маалымат алууга |

| | |
|---|---|
| | Мектеп сайтына методикалык кызмат иши жөнүндө маалымат жайгаштыруу<br>Мугалимдердин компьютердик сабаттуулугун жогорулатуу менен бирге, азыркы талапка жооп берген креатив кадрлар менен камсыз кылуу |
| **Башкаруу чечимдери** | |
| **Талдоонун негизги багыттары** | **Мектептин келечектеги программасынын темасы:** |
| **5.Методикалык Иштер** | |

**Мектептин келечектеги программасынын темасы:**

***Көркөм-эстетикалык предметтерди тереңдетүү аркылуу жана жалпы билим берүү предметтерге интерактивдүү ыкмаларды колдонуу менен окуучулардын жөндөмдүүлүгүн жана билим сапатын көтөрүү***

Программанын актуалдуулугу мектептин окуучуларынын келечеги үчүн маанилүү болгон көркөм-эстетикалык табитин жана чыгармачылык ой жүгүртүү жөндөмдүүлүктөрүнөн максималдуу пайдалуу натыйжаны алууну көздөгөндүгүндө.

## Стратегиянын максаты

**Мектепте окутуу-тарбиялоо процессинде жана сабактан тышкаркы иш-чараларда окуучулардын жөндөмдүүлүктөрүн арттыруу көңүл буруу жана билим сапатын көтөрүү, мамлекеттик стандарттагы билимге ээ болуу**

## 5жылга стратегиялык программасы

| № | Жетишүү индикатору | 2018 | 2019 | 2020 | 2021 | 2022 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Мектептин окуу кабинеттеринде жана бөлмөлөрүндөгү капиталдык ремонт иштери | | | | | + |
| 2 | Көркөм эстетикалык циклдагы предметтерди тереңдетип окутуу үчүн төмөндөгү окуу кабинеттерин түзүү жана жабдуу:<br>Музыка<br>Сүрөт | 2 | | | | |
| 3. | Көркөм эстетикалык циклдагы предметтер үчүң кружоктук иштер үчүн кабинеттерди жабдуу | 2 | 1 | 1 | | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Көркөм эстетикалык циклдагы предметтер үчүн тиешелүү адис мугалимдерди ишке тартуу. Алардын иштеши үчүн шарттарды түзүү | + | + | + | + | + |
| 4. | Мектептин мугалимдер коллекти-винин кесиптик квалификациясын жогорулатуу, аларды күнүмдүк окутуу боюнча шарттарды түзүү жана аларды жаңы инновациялык билим берүү усулдары жана технологияларына окутуу | 15 | 15 | 15 | 15 | 15 |
| 5. | Баардык мугалимдерди компьютер-дик технологиянын ык, жөндөмүнө ээ болушуна жеишүү жана жаңы компьютердик программаларга окутуу. | 20 | 30 | 10 | 10 | 10 |
| 6. | Бюджеттен сырткары түшкөн кирешелер аркылуу окуу китептерин, көрсөтмө куралдарды ж.б. сатып алуу | 300 шт | 400 шт | 600 шт | 700 шт | 1000 шт |
| 7. | Көркөм-эстетикалык предметтерди тереңдетүү аркылуу жана жалпы билим берүү предметтерге интерактивдүү ыкмаларды колдонуу менен окуучулардын жөндөмдүү-лүгүн жана билим сапатын көтөрүү үчүн шарттарды түзүү | + | + | + | + | + |

**Усулдук бирикмелер:**

Кыргыз тили, адабияты УБ
Орус тили, адабияты УБ
Чет тили УБ
МИФ УБ
Социалдык – гуманитардык УБ
Башталгыч класс УБ
Табыгый илимдер УБ
Эстетика УБ
“Жаш мугалимдер ” мектеби

| | |
|---|---|
| | **Усулдук бирикмеледин усулдук темалары:**<br>**Кыргыз тили жана адабияты-** «Окуучулардын кептик маданият таануучулук жана социалдык – компененттүүлүгүн калыптандыруу»<br>**Орус тили жана адабияты-“**Эффективность работы учителей по обеспечению качественного образования и развивать учебно – познавательную деятельности учащихся с формированием художественно- эстетическими взглядами в организации учебно-воспитательного процесса”<br>**Чет тили –**“Информациялык-технологиялык каражаттардын жардамы менен англис тилин үйрөтүүнүн эффективдүүлүгүн жогорулатуу”<br>**МИФ**- «Окуучулардын билим сапатын көтөрүүдө жаңы инновациялык ыкмаларды колдонуу»<br>**Социалдык гуманитардык – “**Тарых жана адам жана коом сабагын окуутууда интерективдуу ыкмаларды колдонуу менен жеткиликтуу сапаттуу билим беруу компитенттуу мамиле түзүү көркөм эстетикалык кызыгуусун арттыруу”<br>**Башталгыч класс** – “Окутуунун инновациялык ыкмаларын пайдалануу менен окуучулардын билим деңгээлин көтөрүү”<br>**Эстетика –** «Окутуу процессинде окуучулардын ден соолугун чындап шык таланттарын көркөм искусствосуна багыттап окутуу менен билим сапатын арттыруу»<br>**Табигый илимдер –** “Инсанга компитенттүү мамиле аркылуу табигый илимдерди окутуунун сапатын жогорулатуу”<br>**Багыттар:**<br>Конкреттүү коюлган усулдук иштердин милдеттерин жүзөгө ашыруу;<br>Педагогикалык кадрлардын квалификациясын жогорулатуу;<br>Мектеп ичиндеги семинарларды, тренингдерди, педагогикалык окууларды , чыгармачыл иш-чараларды өткөрүү;<br>Окуучулардын билим сапатын талдоо;<br><br>Быйылкы 2019-2020- окуу жылында мектепте 8 усулдук бирикме иш алып барышты . Алар: кыргыз тили жана адабияты, орус тили жана адабияты, математика-физика-информатика, социалдык-гуманитардык, табигый илимий, англис тили, башталгыч класстар, эстетика бирикмелери.Усулдук бирикмелердин иш кагаздары Бишкек шаардык билим берүү башкармалыгы тарабынан берилген усулддук бирикмелердин жобосунун негизинде жүргүзүлдү. Ар бир бирикме жылдык иш пландары менен иш алып барышты. Усулдук бирикмелердин мугалимдери жыл бою коюлган чогулуштарында усулдук темалары боюнча доклад, тренинг бирикме ичинде өткөрүп турушту. Усулдук бирикмелерде окуучулардын билим сапатын жана мугалимдин сабак берүүсүнүн сапатын жогорулатуусунун үстүндө ар бир мугалим жаңы инновациялык технологияларды үйрөнүп сабак өтүшүүдө. Ошону менен бирге бирикмелерде насаатчылык иштер пландаштырылып жаш мугалимдер менен системалуу иштер жүргүзүлдү. Белгиленген мөөнөт боюнча бирикмелердин декадалары өткөрүлдү.<br>Декаданын максаты: |

| | |
|---|---|
| | ➢ окуучулардын предметтик сабактарга болгон кызыгуусун арттыруу;<br>➢ таанып билүү жөндөмдүүктөрүн калыптандыруу;<br>➢ логикалык ой жүгүртүүлөрүн өстүрүү;<br>➢ окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү.<br><br>Бул декададагы өзгөчөлүк ар бир мугалим өз алдынча предмет боюнча интелектуалдык оюндар, конкурс жана класстан тышкаркы иштерди, көргөзмөлөрдү уюштурушту. Дагы бир өзгөчөлүк катары декада учурунда ар бир бирикме өздөрүнүн тематикасына ылайык мектепте жасалгалоо иштери болду. Өзгөчө кыргыз тили жана адабияты, социалдык гуманитардык, табигый-илимий, бирикмелери болду.<br>Айта кетсек, кыргыз тили жана адабияты бирикмеси да өзгөчө жакшы деңгээлде өткөрүштү. Ар бир мугалим класстан тышкары иш-чараларды чыгармачылык менен көрсөтө алышты. Кыргыз элинин маданиятын, искусстводогу ордун , салт-санаасын ар тараптуу чагылдырууга аракет жасашты жана башталгыч класстан баштап жогорку класска чейинки окуучулар камтылды. Декадада мугалимдер өздөрүнүн чеберчилигин, чыгармачылыгын, ишке болгон жөндөмдүүлүгүн көрсөтө алды.<br>Иш чаралардын жыйынтыгы чыгарылып жеңүүчүлөргө Сыйлоо баракчаларын жана белектерди тапшырышты.. Ар бир бирикменин жана мүчөсүнүн ишмердүүлүгү жаңы идеяларды, жандануулары, толуктоолорду, чыгармачылык изденүүлөрүн көрсөтүүгө жетишишти. Предметтик декаданын ар бир усулдук бирикме предметтик декаданы маанилүү иш-чара менен жыйынтыкташты.<br>Ал эми педагогикалык жамааттагы ар бир мугалим жыл бою экиден ачык сабак өтүштү. Окуучулардын предметтерди өздөштүрүүдөгү жана окуучуларга сабакты өтүүдө, теманы жеткирүүдөгү мугалимдин чыгармачылыктарын көрсөтүү негизги максаттарынын бири болду. Дидактикалык материалдарды сабактарда пайдалануу менен, техникалык каражаттарды өзү пайдаланып өздөштүрүүсү менен сабактарда көрсөтүлдү сабак өтүүдөгү материалдардын бардыгын изденип таап, интерактивдүү ыкмаларды колдонуп, слайд көрсөтүү менен өтүүгө чоң аракет жасашты. Көпчүлүк мугалимдер интерактивдүү доскаларды колдунуп, жеке эле мугалим колдонбостон окуучуларды жаздыруу, интернет менен байланышуу менен сабактарды абдан кызыктуу өтүштү.<br><br>Негизинен мектепте бардык сабак берген мугалимдердин билим берүү ишмердүүлүгүн жогорулатуу менен компотенттүүлүгүн, кесиптик чеберчилигин өнүктүрүүгө аракет жасоодобуз. Мугалимдердин кесиптик потенциалын көтөрүү боюнча 2019-2020-окуу жылында мугалим өзүнүн кесиптик чеберчилигин жогорулатуу үчүн атайын курстардан өтүп келишкен. |

| | |
|---|---|
| | Ошондой эле мектеп админисрациянын КБББга жөнөткөн сураныч каттын негизинде Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2019-жылдын 16-сентябрындагы №1094/ буйругу менен бекитилген “Педагогдордун квалификациясын жогорулатуу жөнүндөгү” план графигине ылайык окуу мөөнөтү 2020-жылдын 27.01 - 7.02. чейин 72 сааттык 1.“КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮК МАМИЛЕНИН НЕГИЗИНДЕ САБАКТЫ ПЛАНДАШТЫРУУ”-33 мугалим; 2. «ОКУТУУДАГЫ ЖАНА БААЛООДОГУ ЗАМАНБАП БИЛИМ БЕРҮҮ ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ» - 35 мугалимди көчмө курс окуусун филологиялык билим берүү кафедрасы тарабынан проф.К.Эсеналиева келип окутуп кетти. Көчмө курста 68 мугалим окуду.<br>Ал эми 18 мугалим “ Предметтерди окутуунун теориясы жана методикасы” КБББдан окуп келишти.<br>Жалпысынан 2019-2020-окуу жылында 18+68= 86 мугалим өз билимин жогорулатты.<br>Ар тараптуу семинар-тренингдерге катышып сертификаттарга ээ болгон мугалимдердин саны-8 |
| **Чечилбеген маселелери жана алардын** | Кабинеттерге инновациялык техниканын жетишсиздиги<br>Мугалимдердин тажрыйба алмашуу максатында сабактарга активдүү катышпаганы |
| **Башкаруу чечимдери** | Мугалимдерди инновациалык билим берүү методдоруна жана технологияларына мезгилдүү окутууга шарт түзүлөт.<br>Мектептин ички көзөмөл системасын калыптандыруу жана билим сапатын баалдоо боюнча максаттуу иш алып баруу<br>Окуучулардын сапатттуу билим алуусуна түздөн-түз тиешеси бар маселелерди козгогон усулдук кеңешмелерди өткөрүү жана төмөндөгү маселелер менен иштөө:<br>• билим сапатын жогорулатуу<br>• баштапкы звено менен ортоңку звенонун уланмалуулук боюнча иштер<br>• директор жана окуу тарбия завуч алдындагы ар түрдүү суроолор менен иш алып баруу<br>• билим берүү башкармалыгы жана администрация тарабынан сунушталган диагностикалык текшерүү иштер<br>• жаш мугалимдер менен иш жүрузүү<br>• тажрыйба алмашуу максатында жыл бою сабактарга катышуу<br>• мугалимдердин билимдерин өркүндөтүүдө мектеп ичинде ар кандай тегерек стол, мастер класс, семинарлар менен иштөө<br>мектепте “Устат” усулдук бирикмеси, “Чыгармачыл мугалимдер” тобу жана “Адеп” комиссиясы иш жүргүзүп келүүдө. |
| **Талдоонун негизги багыттары** | **ТАРБИЯЛЫК ИШТЕР**<br>2019-2020-окуу жылында жүргүзүлгөн тарбия иштери боюнча жылдык отчету. |

| | |
|---|---|
| **6.Тарбиялык иштер** | №96 орто мектебинин 2019-2020-окуу жылында окуучуларды тарбиялоону ишке ашыруу жана окуучуга жашоого керек боло турган коомдук-социалдык тажрыйбаларды өздүк тажрыйбага айландыруу максатында, төмөндөгүдөй иш жүргүзүлдү:<br>Окуучуга, жашоого керек болгон коомдук-социалдык тажрыйбаларды өздүк тажрыйбага айландыруу;<br>окуучулардын дүйнөгө илимий көз карашын туура жакка калыптандыруу;<br>окуучуларды коллективизмге тарбиялоо, жеке ишти коллективдик иш менен айкалыштырууга үйрөтүү;<br>-мектепте тарбиялык иштерге бирдиктүү талап коюу, системалуулукту камсыз кылуу, ар бир окуучуга педагогикалык көмөк көрсөтүү, окуучулардын адептик-рухий сапаттарын калыптандыруу, алардын физикалык, психикалык жагына камкордук көрүү. Республикада ар кандай коомдор бар шартта туура багыт көрсөтүү, аң сезимдүү чечим чыгарып, өз проблемасын өз алдынча чечүүгө, турмуштук туура позицияга ээ болууга үйрөтүү, азыркы социомаданий шартка ыңгайлашууга жөндөмдүү ыймандуу инсанды калыптандыруу.<br>Мектепте класстан тышкаркы таалим-тарбия иштеринин тийиштүү деңгээлде жүргүзүлүшү үчүн иш-чаралардын жылдык иш-планы түзүлүп бекитилди.<br>- класс жетекчилерге 2019-2020-окуу жылында өтүлүүчү тарбиялык сааттардын тематикалары, тарбия иштери боюнча журналдары бекитилип берилди ;<br>– окуучуларды коопсуздук техникалык жана жолдо жүрүү эрежелери менен тааныштыруу иштери жүргүзүлдү;<br>- окуучулардын медициналык карточкаларын толукталды;<br>класстын социалдык паспортун иштеп чыгуу иштери аткарылды;<br>-класстык кабинеттеринин тазалыгы, эстетикалык көркөмдүгү текшерилип, кабинетти жасалгалоо иштери критерийлери боюнча каралып турду;<br>- мектепте жана класстардагы өзүн-өзү башкаруусунун курамы түзүлдү жана алардын алып баруучу иш-чаралары пландаштырылды;<br>- жыл ичинде мектеп ичинде тартип, тазалык, форма, жетишүү, катышуу ж.б. окуучулардын иш-чараларын көзөмөлдөп туруу үчүн дежурствонун графиги бекитилди;<br>- мектептин ички жана сырткы территорияларында тазалоо иштери жүргүзүлүп турду;<br><br>Мектеп парламентинин аткарган иштери.<br>«Нур Ордо» окуучулардан түзүлгөн уюмунда 10 окуучу иш алып барат.<br>2019-жылыдын сентябрь айында Мектеп Президентин шайлоо болуп өттү. Шайлоодо Президенттикке талапкерлер өздөрүнүн платформаларын мектептин атайын маалымат бурчуна илишти. Президентикке 3 окуучу талапкерлигин коюшуп, жыйынтыгында 765 добуш менен 10-А классынын окуучусу Дамирбек у Надырбек шайланды. |

Мектептин организатору жана Президент Дамирбек у Надырбек парламент мүчөлөрүн бекитти.Мектеп парламентин линейкада окуучулар менен тааныштырылды. Уюмдун мүчөлөрү биргелешип, 2019-202-окуу жылына иш планын бекитишти.

Мектеп ичинде ички көзөмөлдө турган окуучулардын саны  жана өткөрүлгөн рейд боюнча маалымат.

| Мектеп | Рейдтин аталышы | Рейд болгон жердин адреси | Өткөрүлгөн рейдтин саны | Ф.И.О<br>класс | Ички көзөмөлдө турган окуучулардын саны |
|---|---|---|---|---|---|
| 96 | Өспүрүм<br><br>Коопту топ<br>Өспүрүм<br>Коопту топ | Ак Ордо Гагарина көчөсү<br>Компьютердик клуб<br>Ак-Ордо<br>Молдош, Ак-Ордо<br>Ак-Ордо мечит | 4<br><br>6<br>5<br>6 | Слемов Хантегин 6-Б кл<br>Аманбеков Бекболсун 6-Б кл<br><br><br>Куланов Умар 2-Г класс<br>Куланов Калыс 7-Д класс | 6 |
| | | | | | |

**Башкаруу чечимдери**

Кыргызстандагы ички жана тышкы миграция мектепке терс таасирин тийгизүүдө.Башка мамлекеттерге иштегени кеткен ата-энелердин балдарынын билим алуусуна, тарбиясына жетишээрлик көңүл бурулбай келе жатканы маселелердин орчундуусу. Биздин мектеп жаңы конуш болгондуктан окуучунун санынын көптүгү чечилбеген маселенин катарына кирет.

Ата-энелердин мектеп менен болгон байланыштын аздыгы балдардын тартибине көйгөй жаратууда
Ата-энелердин балдарга болгон кызыгуусунун аздыгы. Кээ бир окуучулардын социалдык абалынын начардыгына байланыштуу тазалыкты сактабай калган учурлар көйгөйлүү маселенин катарына кирет.

| | |
|---|---|
| **Талдоонун негизги багыттары** | Балдардын жүрүм-турум эрежелери сакталышы үчүн, класс жетекчинин иш алып баруусун тереңдетүү. Ата-энелер менен тыгыз иш алып баруу максатында ата-энелер менен биргеликте иш чараларды уюштуруу. Балага тарбия берүүдө ата-эненин ролун баштапкы экенин түшүндүрүү максатында ар кандай тренингдерди өткөрүү. Окуучулардын мектепке кийген формасын ирээтке келтирүүдө мектептин жалпы жамааты жапырт киришүү маселеси. Мисалы: сабак учурунда предметтик мугалим, мектептин талабына жооп берген форманы кийүүсүн көзөмөлдөп туруусу. |
| **Талдоонун негизги багыттары** | 6ж-классынын окуучусу Токтогулова Айжанды дагы бир ирэт жашы жете элек өспүрүмдөр комиссиясына чыгардык. Комиссиянын жыйынтыгы боюнча жаш өспүрүмдөр менен иштөө инспекциясы иш жүргүзүлсүн деген тыянак чыгарды. Токтогулова бир жыл бою бир да мектепте окуган жок. Март, апрель, май айы өлкөбүздө болуп жаткан кырдаалга байланыштуу мектеп директору Асанова Гүланда Жумакадыровна чукул чогулуш жасап кырдаалга байланыштуу штаб түзүлдү. Штабды мектеп директору өзү жетектеди. Биз мектептин психологу менен бирдикте план түзүп, ошол план боюнча иш жүргүздүк. Мектептин психологу менен бирдикте ата-энелер үчүн жана окуучулар үчүн ар кандай кырдаалда психологиялык жардам берүүчү слайддарды жүктөп турдук жардам катары. Райондук билим берүү башкармалыгынын жетекчиси Джунусова Айзада Самудиновна жана №96 мектептин директору Асанова Гуланда Жумакадыровна менен бирдикте мектепте аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн 30 баласына жардам катары тамак-аш берилди. Андан сырткары райондун акими Бишкек шаарынын Ленин районунун башчысы Султанов Токтосун Султанович тарабынан аз камсыз болгон 35 үй-бүлөгө жардам катары тамак аш берилди. Биз ошол берилген жардамдарды өз убагында даректерине жеткирип берүүсүн көзөмөлгө алып, даректерине чейин кошо барып жардам бердик.<br>4-в классынын окуучусу Куланов Умардын жана 3-а классынын окуучусу Өмүрбаев Бектурдун энесине биздин мектептин психологу тарабынан психологиялык жардам корсотулду. Себеби көп ата-энелердей эле аралыкта окутууга каршы болуп, баласын сабакка киргизбей койгон. Баласы сабакка кирбесе программадан калып калаарын айтып түшүндүрүү иштердин жыйынтыгында баласын сабакка киргизди. Крантин убагында окуучулардын көчөдө басуусу көзөмөлгө алынды. Окуучулардын сабактарын көзөмөл кылып, сабакка кире албай жаткан окуучулардын ата-энелеринен эмне себептен балдары сабакка кире албай жаткандыгын аныктап ар кандай себептерине байланыштуу жардам көрсөтүлдү. 11-а классынын окуучусу Батыркул уулу Тургунбек бирдик жүктөгөнгө акчасы жок болгондугуна байланыштуу мектептен мегакомдун симкасы берилди. Ушундай эле симка мындан сырткары он окуучуга берилди. 2-г классынын окуучусу Курманбекова Аэлинага Ленин райондук билим берүү башкармалыгы тарабынан ценсорный телефон жана телевизор берилди. Жетишпеген үй-бүлөнүн балдары |
| **7. Соцпедагогдун Иштери** | |

<table>
<tr>
<td></td>
<td>болгондуктан. Өзгөчө кырдаал убагында ата-энелер жана окуучулар менен телефон аркылуу гана байланышта болдук.
<table>
<tr><th>№</th><th>Иштин мазмуну:</th><th>Максаты:</th><th>Мөөнөтү:</th><th>Жооптуу:</th></tr>
<tr><td>1</td><td>Жетекчилк менен жыйын куруу</td><td>Кырдаалга карата</td><td>Карантин убагы</td><td>Директор</td></tr>
<tr><td>2</td><td>Ата-эне менен иш алып баруу</td><td>Психологиялык жардам көрсөтүү</td><td>Карантин убагы</td><td>Соц педагог психолог</td></tr>
<tr><td>3</td><td>Окуучуларга психологиялык жардам көрсөтүү</td><td>Психологдун кеңеши</td><td>Карантин убагы</td><td>Психолог</td></tr>
<tr><td>4</td><td>Аз камсыз үй-бүлөлөлөргө жардам көрсөтүү</td><td>Тамак аш менен камсыз кылуу</td><td>Карантин убагы</td><td>Директор<br>Соц педагог</td></tr>
<tr><td>5</td><td>Онлайн сабакка кирбеген окуучулар м-н иш алып баруу</td><td>Акчасы жок,тел жок же кандай себеп м-н окуй албай жатат</td><td>Карантин убагы</td><td>Окуу бөлүм башчы.Соц педагог</td></tr>
</table>
</td>
</tr>
<tr>
<td>Талдоонун негизги багыттары<br><br>8. Психологдун иштери</td>
<td>2019-2020-окуу жылы үчүн жылдык план түзүлгөн. Ошол пландын негизинде сентябрь айында Лускановanын методикасы боюнча 1- класстын окуучуларынын мектепке жетилгендик деңгээлин аныктоо максатында жана мектепке кондумдөрүн билүү үчүн 1-а,б,в,г,д,ж,е,з,и,к,н,м –класстарынан 27-сентябрда «Мага мектепте эмне жагат» деген темада сүрөт тарттырып алынды.Бардыгы 300 дөн ашык бала катышты.Окуучулардын дээрлик бардыгы мектепке тиешелүү сүрөттөрдү тартышкан .М: мугалим, доска, парта, терезедеги гулдөр, мектептин сүрөтүн, окуучуларды. Темадан тышкаркы тартылган сүрөт жок. Жыйынтыгында окуучулардын дээрлик бардыгы мектепке көндүмдөрүнүн калыптангандыгын аныктадык. Сентябрь айында 6 окуучу менен ар түрдүү максатта</td>
</tr>
</table>

сүйлошүүлөрдү жүргүзүп консультация берилди. 2019-2020-окуу жылында логопедге жиберилген балдардын тизмеси:

| № | Окуучунун аты,жөнү | Тили келбеген тыбыш | темпераменти |
|---|---|---|---|
| 1 | Догдурбаев Эламан | «р» тыбышы | сангвиник |
| 2 | Токторалиев Баймырза | «р» тыбышы | сангвиник |
| 3 | Жамалбеков Нурел | «р» тыбышы | меланхолик |
| 4 | Шерова Альбина | «р» тыбышы | меланхолик |
| 5 | Максатбеков Азизбек | «р» тыбышы | сангвиник |
| 6 | Усенов Нурел | «р» тыбышы | холерик |
| 7 | Асангазиев Чынгыз | «р»тыбышы | флегматик |
| 8 | Омурбеков Атахан | «р» тыбышы | сангвиник |

Октябрь айында ортоңку звенодогу 5-класстын окуучуларынын шарттарга, предметтик окууга көнүүсүнбилүү максатында Филлипс тести алынды. Тестке бардыгы 5-а,б,в,г,д,ж,е-класстарынан 250 окуучу катышты.Максаты: окуудагы жана жүрүш турушундагы тартип бузууларды аныктоо. Тесттин жыйынтыгында жазган окуучулардын 80% шарттарга,предметтик окууларга конгондүгү аныкталды. Айрым окуучулар менен жекече сүйлөшүүлөр жүргүзүлдү. Кожалиева Асема 4-ж-кл,Тариельев Абай 6-«б» кл,Медербеков Темирлан 3 «е» кл, Сүйүнбай уулу Али 9- «б»кл,Абсатарова Сабина 2 – «в» кл, Төрөев Нурадил 5 «е» кл,Таштанбек кызы Алтынай 3 «а» кл, Орозбаева Айзада 5 «б» кл окуучулар менен жекече сүйлөшүүлөр жүргүзүлүп тиешелүү кеңештер берилди.
Ноябрь айында тобокел тобундагы суицидке жакын балдарды таап чыгуу максатында класс жетекчилер менен бирдикте класстык сааттар өтүлүп,окуучуларга түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү. Бакытбеков Адил 5 «в» кл, Михмонова Сабира 1»д» кл, Кубанычбек уулу Ислам 8- «а» кл,Койчиева Сезим 1- «и» кл, Токтоналиев Нурел 1 «и» класс, Аскеров Кутмырза 3- «з» кл, Каныбек кызы Регина «б» класстын окуучуларына тиешелүү кеңештер берилди.
9-декабрда» биз зордук зомбулукка каршыбыз « деген темада иш-чара болуп өттү. Бул иш-чарага бириккен улуттар уюмунун өкүлү Осмонова Раель, «Аялдарды коргоо борбору» коомдук бирикмесинин аткаруучу директору Досалиева Бакен, «Ак ордонун демилгелүү аялдары» коомдук бирикмесинин төрайымы Шергазиева Абалкан, мүчөлөрү: Айдарова Чынаркүл, Чомокова Гүлмира,квартал башчысы Бусурманкулова Гүлмира жана мектептин 11-«а,б» классынын окуучулары ,класс жетекчилери катышты. «Биз зордук зомбулукка каршыбыз»деген ураандын алдында окуучулар сценка коюп бериშти.» Аялдарды коргоо борбору» коомдук бирикмесинин аткаруучу директору Досалиева Бакен Абыловна окуучуларга Эрте никеге туруунун алдын алуу жана зыяндары жөнүндө

| | |
|---|---|
| | слайд көрсөтүп фактылар менен маалымат берди. Бул темада окуучулар менен суроо-жооп иретинде дискуссия жүргүзүлдү. Эрте никеге туруунун алдын алуу боюнча КР кылмыш жаза кодексинин укуктук ченемдери боюнча да маалымат берилди. «Ак Ордонун демилгелүү аялдары» коомдук бирикмесинин төрайымы Шергазиева Абалкан бирикме,анын жайгашкан дареги,иштелип жаткан иштери тууралуу маалымат берди. Иш-чарага активдүу катышкан окуучулар кызыктыруучу чакан сыйлыктар: флешка, футболка менен сыйланышты. Окуучулар ыраазычылыктарын айтышып керектүү,баалуу маалымат алгандарын айтышты. Окуучулардын психологиялык жактан өнүгүүсүн жөнгө салуучу жагдайлар менен камсыздоо максатында жогорудагыдай иштер жарым жылдыкта аткарылды.<br>«Сергек жашоо образы» проектиси менен иштеген мугалимдер : Жумаева Роза жана Нурманова Батма тарбия иштери боюнча директордун орун басары Иманалиева Асел менен бирдикте « Психоактивдүү заттардын адамдын организмине тийгизген таасири» деген темада 8- класстар менен иш –чара өтүлдү.Бул иш-чарага окуучулар активдүү катышып ,дискуссия жүргүзүлүп кызыктуу өттү.Психоактивдүү заттардын адамдын организмине тийгизген терс таасири жөнүндө слайд көрсөтулдү.Слайдда психоактивдүү заттар адамдын мээсине кандай таасир берет, көз карандылык кандайча пайда болот ,кантип алдын алса болот д.с маалыматтар берилди.Алган маалыматтары окуучуларга өз чөйрөсүндө байкагыч болууга , убагында чара көрүүгө жардам болот деген ишеничтебиз .Иш –чара «Биз психоактивдүү заттарды колдонууга каршыбыз!» деген ураан менен жыйынтыкталды.<br>Февраль айында тарбия ишинде көйгөй жараткан төмөнкү окуучулар менен класс жетекчисинин кайрылуусу аркылуу сүйлөшүүлөр жүргузүлүп консультациялар берилди: |

| № | Окуучунун аты,жөнү | классы | Класс жетекчиси | убагы |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Орозбекова Диана | 8 «г» | Бейшекеева С | 07.02 |
| 2 | Жумабаева Тахмина | 4 «г» | Жумашова С | 17.02 |
| 3 | Бекмырзаев Байхан | 4»з» | Кожомкул к.А | 21.02 |
| 4 | Базарбаева Луну | 9 «б» | Исмаилова Ж | 25.02 |
| 5 | Бекчороев Азирет | 2 «а» | Амантурова Н | 25.02 |
| 6 | Автандилов Б | 5 «в» | Молдоисаева К | 29.05 |
| 7 | Автандилов Э | 5»в» | Карыбекова А | 29.04 |

Март айында план боюнча 4- класстардан интелектуалдык өнүгүүсун аныктоо боюнча тест алынды. Мектептин тарбия завучу ,соцпедагогу,психолог менен бирдикте тобокел тобунда учетто турган окуучулар менен

| | |
|---|---|
| | ангемелешип,тарбия иштери жүргүзүлдү.9-11- класстын окуучулары менен кесиптик денгээлин аныктоого карата ангемелешип,тренинг өтүлүп иш жүргүзүлүп кенештерди берүүгө жетиштик.<br>Кыргызстандагы короновирус илдетине байланыштуу 8-апрелден башталган онлайн окуу убагында психологдун кенеши,мектеп администрациясынын ата-энелерге кайрылуу слайды, мектептеги ар бир класстагы ата энелердин группасына жардам катарында жиберилип турду.<br>Мектеп психологунун жардамына муктаж болгон ата-энелер менен телефон аркылуу жекече кенештер берилип турду.4-класстын окуучусу Көкүтаев Элмырзанын ата –энеси менен суйлөшүлүп консультация берилди.<br>Онлайн окуу убагындагы окуучулардын психологиялык чыналуусуна карата да мектеп психологу ата-энелер группасына слайд жиберип турду. |
| **Талдоонун негизги багыттары**<br><br>**9.Материалдык техникалык база** | Мектептин сыйымдуулугу-960 орундуу<br>Окуу кабинети-34<br>Информатика-2<br>Кыргыз тили-2<br>Эмгек кабинети-1<br>Физика-1<br>Химия-1<br>Орус тили-2<br>Актовый зал-1 (200орундуу)<br>Спорт зал-1<br>Мед кабинети-2<br>Компютер-26<br>Принтер -2<br>Телефизор-8<br>Музцентр-1<br>Ксерокс-3<br>Интерактивдүү такта-2<br>Проектор-4<br>Ашкана -1 (174 орундуу) |

| | |
|---|---|
| **Чечилбеген маселелери жана алардын аткарылышы тоскоол болгон себептер** | Мектептин сыйымдуулугу-960 орундуу ,бирок окуучулардын саны 3000 окуучуну түзөт. 3-сменада окуса дагы кабинет тартыштыгы чечилбеген маселе болуп жатат . Мектептин сыртындагы спорт аянтчаларын(футбол.волейбол, баскетбол) жаны стандартагы үлгүлөргө алып келүү. Материалдык -техникалык базаны чыңдоо. |
| **Башкаруу чечимдери** | Ата-энелердин,спонсорлордун жардамы менен материалдык- техникалык базаны көбөйтүп жатабыз . Материалдык-техникалык базаны кенейтүү максатында проектилер менен иштөөдөбүз.<br>Мектепке жаны технологияларды колдонуу максатында техникалык жабдуларды көбөйтүүдөбүз.<br>Окуучулардын коопсуздугу үчүн камераларды орнотуп жатабыз. Мектепте азыркы тапта 24 камера бар. 6 камера сыртында ,18 камера мектептин ичинде. |

№96 орто мектебинин директору : Асанова Г.Ж